УДК: 372.3
DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/2-123-130

**Раимбекова М.Р.**
педагогика-психология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Черикчиева Г.М.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Аманбаева А.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Мусаева М.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН АРТТЫРУУДА ОЮНДУН МААНИСИ

**Аннотация:** бул макалада кыргыз тили сабагынын натыйжалуулугун арттырууда балдар үчүн ар кандай оюндардын маанилүүгү жана ролу. Балдардын кичине кезинде эң негизги иш-аракети бул оюн болуп саналат. Балдар оюн аркылуу жашоонун ар кыл жактарын таанып, оюн аркылуу кесип таап, маанилүү эмоционалдык тажрыйбага ээ болушат. Анын негизги милдети – ойго келбеген нерселерди реалдуу жашоо катары кабыл алуу жана аны ишке ашыруу. Балдар буга көз карандысыз изилдөө жүргүзүү жана кыйынчылыктарды жеңүү аркылуу жетишишет. Оюн – бул өзгөчө иш жана өзүн түшүндүрө билүү.

Белгилүү психологдор белгилегендей, балдар оюнда утулуп калганда мүнөзүндөгү терс жактарын, ички тажрыйбасын, сезимдерин бошотуп, андан ары тазаланып, утулбоонун жолдорун издеген жагдайлар пайда болот. Балдар көбүнчө аларга эмне таасир эткенин, эмнени башынан өткөргөнүн, эмнени сезип жатканын айта алышпайт, ал жөнүндө ойлонушпайт, оюн аркылуу билдире алышпайт, өз оюн улууларга көрсөтүп, аларга жардам берүүгө жардам бере алышпайт.

**Негизги сөздөр:** оюндун мааниси, ар кандай жагдайлар, кыргыз тили сабагы, утулбоонун жолдору, кесип, иш-аракети, балдар, мугалимдер, түшүндүрө билүү, милдети, реалдуу жашоо, тажрыйба, таасир берүү.

**Раимбекова М.Р**
кандидат педагогико-психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Черикчиева Г.М.**
старший преподаватель

Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Аманбаева А.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Мусаева М.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ЗНАЧЕНИЕ ИГРЫ В ПОВЫШЕНИИ ЭФФЕКТИВНОСТИ УРОКА КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

**Аннотация:** в данной статье раскрывается значение и роль различных игр для детей в повышении эффективности урока кыргызского языка. Важнейшим занятием детей раннего возраста является игра. Через игру дети узнают о различных аспектах жизни, находят карьеру через игру и получают важный эмоциональный опыт. Его главная задача – принять немыслимое как реальную жизнь и воплотить его в действительность. Дети достигают этого посредством независимых исследований и преодоления трудностей. Игра – это особая деятельность и самовыражение.

Как отмечают известные психологи, при проигрыше детей в игре возникают ситуации, в которых дети высвобождают негативные стороны своего характера, внутреннего переживания и чувств, а затем ищут способы избежать проигрыша. Дети часто не могут сказать, что на них действует, что они пережили, что чувствуют, не могут об этом подумать, не могут выразить это через игру, не могут показать свои мысли взрослым и помочь им.

**Ключевые слова:** смысл игры, различные ситуации, урок кыргызского языка, способы не проиграть, профессия, деятельность, дети, учителя, умение объяснять, долг, реальная жизнь, опыт, влияние.

**Raimbekova M. R**
candidate of pedagogical and psychological sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Cherikchieva G.M.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Amanbaeva A.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Musaeva M.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

# THE IMPORTANCE OF THE GAME IN INCREASING THE EFFECTIVENESS OF THE KYRGYZ LANGUAGE LESSON

**Annotation:** this article reveals the meaning and role of various games for children in increasing the effectiveness of the Kyrgyz language lesson. The most important activity for young children is play. Through play, children learn about different aspects of life, find careers through play, and gain important emotional experiences. His main task is to accept the unthinkable as real life and bring it to life. Children achieve this through independent exploration and overcoming challenges. Play is a special activity and self-expression.

As noted by famous psychologists, when children lose in a game, situations arise in which children release the negative aspects of their character, inner experiences and feelings, and then look for ways to avoid losing. Children often cannot say what affects them, what they have experienced, what they feel, cannot think about it, cannot express it through play, cannot show their thoughts to adults and help them help them.

**Key words:** the meaning of the game, various situations, Kyrgyz language lesson, ways not to lose, profession, activity, children, teachers, ability to explain, duty, real life, experience, influence.

Балдардын балалык доорундагы эң маанилүү ишмердүүлүгү – оюн. Балдар турмуштун ар түрдүү жактарын оюндан таанып билишет,кесипти да оюндан табышат, сезимдик маанилүү тажрыйбаны алышат. Анын негизги милдети ойго келбегенди реалдуу турмуш катары кабыл алышы жана аны ишке ашыруу болуп саналат. Буга балдар өз алдынча изилдөө менен алектенип, кыйынчылыктарды жеңүү аркылуу жетишишет. Оюн – бул өзүн түшүндүрүүнүн атайын бир аракети, жөндөмү.

Белгилүү психологдор балдар өздөрүнүн мүнөзүндөгү терс жактарын,ички туюмдарын, эмоцияларын оюнда жеңилип калганда чыгарып, андан кийин анысынан өзүн-өзү тазалоо,жеңилбөөнүн жолдорун изденүү кырдаалдары жүрөрүн да белгилеп келишет. Балдар өздөрүнө эмнелер таасир бергендигин, эмнелерди башынан өткөргөндүгүн, эмнелерди сезип жаткандыгын көбүнчө айта алышпайт, ал эмес ал жөнүндө ойлонуп дп коюшпайт, алар муну оюндун жардамы аркылуу чагылдырып, өзүнөн улууларга өздөрүнүн ой жүгүртүүлөрүн көрсөтүп, ал аркылуу жардам алууга көмөктөшүүлөрүн да билдиришет.

Учурда оюндун түрлөрү көбөйдү. Алар: гаджеттеги ар түрдүү видео оюндардын пайда болуусу, интернеттеги ар түрдүү кызыктыруучу нерселер. Бул учурдун талабына ылайык, заманбап балдардын активдүүлүгүн кайра куруу зарылдыгынан да болуп жатат. Бирок, балдар бойго жеткенче ойноосу керек, алар оюндун жардамы менен келечекке барышат жана өзүн тааный алышат. Балдардын өз ара аракеттенүүнү үйрөнүүсүнө, келечекке карата багыт алуусуна, адамдар менен мамиле түзө билүүсүнө көпүрө болуучу нерсе оюн, оюн аркылуу гана алар адаптацияланган, коммуникабелдүү, өз ара аракеттенишкен, бири-бирине жардамдашкан чоңдорго айланышат. Башталгыч класстын окуучуларынын сабактарынын көп предметтүүлүгү, ар түрдүү кошумча сабактардын окутулушуна карабай аларды оюнобогула же азайткыла, мектептен эмес үйдөн ойногула деп айтууга, аларды оюндан ажыратып коюуга акыбыз жок. Оюн – бул балдар үчүн тамак, азык, күч, коркунуч менен ийгиликсиздиктен чыгуунун жолу. Биз, мугалимдер, балдардын эмоционалдык багажын байытып, андан ары билимдердин түрлөрүн талыкпастан өздөштүрүүгө күч, кубат берүүбүз

керек. Биз аларды окутуп гана тим болбостон, оюн аркылуу окуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүбүздү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алганыбыз туура болот.

Д.Ушинский адамдын чыгармачылыгынын чеги жок мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө аракеттенген. Ал оюнду окуудан ажыратып, мектеп окуучусунун сөзсүз милдети катары эсептеген. Ал элдик тарбиялоонун идеясын негиздеп, балдарды тарбиялоодо балдар оюндарынын мазмунунун таасирин эске алып, элдик оюндарды тарбиялоо ишинде кеңири колдонууну сунуштаган. Ал: "Келечектин педагогикасынын милдети – элдик оюндардын абдан бай булактарына көңүл буруп, аларды колдонуп, абдан күчтүү тарбиялык каражатты түзүү,"- деп жазган [4, 28-б.]. Оюн – мектеп жашындагы башталгыч класстын балдары үчүн айрыкча мааниге ээ: оюн – алар үчүн оокат, окуу, оюн – алар үчүн эмгек, оюн – алар үчүн тарбиялоонун орчундуу формасы. Бардык эле оюндар кабыл алууну,шамдагайлыкты, чечкиндүүлүктү, көңүл бурууну, эс-тутумду, ой жүгүртүүнү, чыгармачылык жөндөмдү өстүрүүгө көмөктөшүп, акылды өстүрүүгө багытталган. Оюнда бала чоңдорго эчак белгилүү болгонду кайрадан ачат. Мектеп окуучуларынын оюнга болгон кызыгуусун, муктаждыктарын билим берүүчү кээ бир мекемелерде чечүү максатында колдонуу зарыл. Сабак процессинде оюн көбүрөөк колдонулса, ал билим берүүнүн каражатына айланат. Оюнду башкаруу менен, балдардын турмушун оюнда уюштуруу менен педагог балдардын инсандык өнүгүүсүнүн бардык тараптарына, анын өзүн алып жүрүүсүнө таасир берет.

Мугалимдердин оюнду даярдоо жана аны өз сабагына киргизүүсү чоң күчтү, талыкпас аракетти талап кылат. Дидактикалык оюндарды даярдоо мезгилинде мугалим көп тоскоолдуктарга жолугат. Биринчи убакыттын чектелишине –кыска бирок кызыктуу оюндардын аздыгы, же мугалимдин балдарды кайра сабакка жыйнай албай калам деген коркуу сезимине жараша болот. Мугалимдердин арасында көбүнчө: «Эгер сабак учурунда балдарды ойнотсок, биз эрежелерди качан үйрөтөбүз?» – деген суроо орун алат. Бирок, бул көбүнчө оюнду окутуу каражаты катары маанисин түшүнбөгөндүктөн, дидактикалык оюндарды окуучулардын аң-сезимин стимулдаштыруу үчүн эмес, оюнга карата мамилени ашыкча метод катары көргөндүктөн болот. Оюн ишмердүүлүгү адам активдүүлүгүндөгү өзү жумшаган физикалык жана духовный күчтөн ырахат гана алган сфера болуп саналат. Жаратылыш балдар оюндарын турмушка даярдануудагы ар тараптуу өнүгүүсү үчүн жараткандай. Ошондуктан алар адам ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү менен генетикалык байланышта болуп, эмгектеги, пикир алышуудагы, искусстводогу жана спорттогу балдардын таанып-билүү формасы да болот.Ушундан таанып-билүүчүлүк, интеллектуалдык, курулуш, эмгек, пикир алышуу, музыкалык, көркөм, драмалык, кыймылдуу, спорттук ж.б.у.с. оюндардын түрлөрү келип чыгат.

Оюндарды эки негизги типке ажыратууга болот: 1) ачык эрежелер боюнча жүрүүчү оюндар; 2) жабык эрежелер боюнча жүрүүчү оюндар. Биринчи типке дидактикалык оюндардын көпчүлүгү, таанып-билүүчү жана кыймылдуу, интеллектуалдык, музыкалык, көңүл ачуучу, аттракциондук оюндар кирет. Ал эми экинчи типке сюжеттик-ролдук оюндарды кошууга болот. Дидактикалык оюндар үйрөтүү мазмуну, балдардын таанып-билүү өзгөчөлүгү, уюштуруу жана балдарга жасалган мамиле жана мугалимдин ролу боюнча да айырмаланышып турушат. Аталган өзгөчөлүктөр оюндардын баарына мүнөздүү, бирок кээде бири даана байкалса, башка учурда башкаларынын өзгөчөлүктөрү байкалат.

Башталгыч класстардын эне тили сабактарында колдонулуучу дидактикалык оюндарды биздин пикирибизче шарттуу түрдө төмөнкүдөй типтерге бөлүү максатка ылайыктуудай:

1. окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүн өстүрүүчү дидактикалык оюндар;
2. окуучулардын коммуникативдүүлүк компетенттүүлүгүн өстүрүүчү дидактикалык оюндар.

Бул пикирге келүүбүздүн негизги себептеринин бири башталгыч класстардын «Эне тили» боюнча программасында 4-класcты бүтүрүүчү окуучулардын даярдыгынын деңгээлине коюлуучу минималдуу талаптарда окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүнө тиешелүү төмөнкүчө талаптар коюлган:

- китеп менен өз алдынча иштей билүүгө, алардын суроо-тапшырмаларын толук аткара алууга жетишүү;
- көнүгүүлөр, салыштыруулар, таяныч белгилер, схемалар аркылуу жыйынтык, эреже чыгара билүү ыктарына ээ болуу;
- эрежелерди түшүнүп үйрөнүү, ага карата машыгуу иштерин өз алдынча жүргүзө алууга жетишүү;
- тил, кеп, тексттин өзгөчөлүктөрүн ажырата билүү;
- текст менен сүйлөмдөрдүн айырмасын билип колдонуу;
- текст менен иштөөдө кыргыз тилинин жазуу эрежелерин туура колдоно алууга жетишүү ;
- тыбыш менен тамгалардын байланыштарын, айырмачылыктарын, бөлүнүштөрүн жана алардын алфавиттеги ордун билүү менен сөздөргө тыбыштык – тамгалык талдоо жүргүзүүнү билүү;
- сөз менен сөз айкашы, сөз айкашы менен сүйлөмдү ажырата алуу;
- сүйлөмдөрдүн айтылышына карай жай, суроолуу, илептүү, буйрук сүйлөмдөр болуп бөлүнүшүн айырмалап, талдоо жүргүзө алуу;
- сүйлүм мүчөлөрүн (ээ, баяндооч, айкындооч) жана сүйлөмдөрдүн түзүлүштөрүн (жөнөкөй, татаал) аныктай билүү, ага карата талдоолорду жүргүзүүнү өздөштүрүү;
- муун менен ташымалдын байланышын, айырмачылыктарын билип, жазуу иштеринде туура колдонуу;
- сөз түркүмдөрү боюнча талдоону өздөштүрүп, алардын өз ара байланыштарын, бөтөнчөлүктөрүн билүү;
- өзүн-өзү текшерүү көндүмдөрүнө ээ болуу;
- кээ бир сөздөрдүн айтылышы менен жазылышындагы айырмачылыктарды, орус тилинен кирген айрым сөздөрдү жазуу иштеринде туура колдонуу;
- көчүрүп жазуу иштерин катасыз, таза жазуунун эрежелерин сактап аткарууга жана 70-80 сөздөн турган тексттерди угуп жазууга үйрөнүү;
- иш кагаздарын жазуунун үлгүлөрүн (чакыруу, билдирүү, кат, куттуктоо) билүү.

Ал эми окуучулардын коммуникативдүү компетенттүүлүгүнө тиешелүү төмөнкүчө талаптар коюлган:

- чакан текст түзүүнү билүү, ага ат коюу. Анын башталышын, негизги жана аяктоо бөлүктөрүн ажырата алуу;
- текстке план түзүүнү жана аны бир сүйлөм менен түшүндүрүүнү үйрөнүү;
- тексттин башталыш маанисине карай улантып, кеңейтип жазууну, толук маанидеги текстти кыскартып, өзгөртүп жазууну өздөштүрүү;
- түшүнүүгө жеңил макал-лакаптардын мазмунун түшүндүрүү менен кеңейтип, чакан текст жазууну үйрөнүү;

- өзүн-өзү текшерүү көндүмдөрүнө ээ болу [1, 14-15-б.].

Окуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогоркудай ажыратуу шарттуу түрдө болот. Анткени көрсөтүлгөн жөндөмдүүлүктөр сөзсүз түрдө тилдик же коммуникативдик компетенттүүлүккө кирет деп айтуунун өзү билим берүү процессиндеги, болгондо да айрып кароого мүмкүн болбогон тил жана адабияттын интеграциялык бекемдигин ажыратууга тете.

Оюндун түрлөрүн типтештирүү, аларды классификациялоо мурунку убактан бери эле жүрүп келе жатат жана оюндун төмөнкүдөй түрлөрүн белгилөөгө болот:

- Предметтик оюндар;
- Ролдук оюндар;
- Символдук оюндар;
- Сюжеттик оюндар;
- Компьютердик дидактикалык жана өнүктүрүүчү оюндар.

Заттык балдар оюндарында окуучулар курчап турган предметтерди колдонушуп ойношот жана алардын эмне экендигин билишет. Ролдук оюндарда окуучулар атайын ойлонулган же сюжеттик шарттарда түрдүү социалдык ролдорго (ата, апа, тарбиячы, врач, бала, окучу ж.б.) киришип ойношот. Символдук оюндарда турмуш чындыгы белгилер, символдор аркылуу кабылданат да, кыймыл абстракттуу, символдуу формада ишке ашырылат. Сюжеттүү оюндарда балдар чыныгы турмуштун сюжетин аңгемелер, жомоктор жана башкалардан кабыл алышат.

Белгилүү педагог С.Рысбаев дидактикалык оюндардын, тибин аныктоодо: "Оюндар өз алдына айкын максатты жана бир нече милдеттердин комплексин чечүүнү көзөйт. Атап айтканда, оюн жүргүзүү менен балдардын кыргызча кебин калыптандыруу жана сабактын практикалык баалуулугун өстүрүү максатын койсо, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык сабаттуулугун арттыруу сыяктуу милдеттер аны коштоп жүрмөкчү"[2, 102-б.].

Кыргыз тили сабактарында дидактикалык оюндарды уюштурууда мугалимдин ролу чоң. Астыга коюлган максатка оюндун сабактагы орду, убактысы так ойлонулганда, максаты так аныкталганда, сабак илимий-усулдук жактан туура уюштурулганда гана жетүүгө болот.

Оюндарды уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча: "Мугалим оюн учурунда керектелүүчү лексикалык каражаттарды туура пайдаланууну, грамматикалык формаларды орундуу колдонууну, суроо коюуну, сүйлөө мимикаларын, кеп адебин ж.б. маселелерди, адегенде өзү катышуу менен чечип, үлгү көрсөтүүсү керек.

Сабак учурунда өткөрүлгөн оюн методикасынын негизине төмөнкү принциптерди кошууга болот: 1) материалдардын актуалдуулугу; 2) классты активдештире алышы; 3) атаандаштык. Бул белгиленген принциптердин негизинде окуу процессинде колдонулуучу дидактикалык оюндарга коюлуучу талаптарды белгилөөгө болот. Өткөрүлүүчү дидактикалык оюндар балдар үчүн тааныш болгон оюндарга негизделүүсү керек. Ушул максатта балдарга байкоо жүргүзүп, алар жактырып ойногон оюндарды аныктоого, кандай оюндар таасирлентип, кандай оюндар аларга жакпай тургандыгына анализ жүргүзүүгө мүмкүн.

- ♦ Ар бир оюнда жаңылыктын элементи болуусу керек.
- ♦ Пайдалуу деп эсептеген оюндардын баарын эле балдарга тануулоонун кажети жок, оюн – каалоого карай жүргүзүлөт. Окуучуларга оюн жакпаса, башка оюнду ойноо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу керек.

- Оюн – сабак эмес. Балдарды жаңы теманы өздөштүрүүгө тартуучу оюн ыкмасы мелдеш, табышмак, жомоктор дүйнөсүнө саякат жана башка бир нече элементтерди камтышы мүмкүн, бул мугалимдин методикалык байлыгы гана эмес, сабак учурундагы балдардын жумуштан алган бай таасирлери да.
- Мугалимдин эмоционалдык абалы өзү аралашып жаткан ишмердүүлүк менен шайкеш келүүсү шарт. Башка методикалык каражаттардан айырмаланып оюн аны алып баруучунун өзгөчө абалын талап кылат. Башкача айтканда, сабак учурунда оюнду өткөрүү ыкмасын билүү гана жетиштүү болбостон, оюнга катышуу, аралашуу зарылдыгы да шарт.
- Оюн – диагностикалоо каражаты. Бала оюнда өзүнүн бар болгон жакшы да, жаман да мүнөзүн ачып берет.

Оюндун шартына, жүрүшүнө тоскоолдук кылган балага эч убакта тартипке келтирүүчү жазаларды колдонбоо шарт. Андай учурлар чын дилден пикирлешүүнүн, түшүнүшүүнүн кырдаалы болуусу керек. Эң жакшысы баары чогулганда ким кайсыл жерден жаңылганын, чыр-чатакты болтурбоо үчүн эмне кылуу керектигин талкуулап, балдар менен анализ жүргүзүү талапка ылайык. Оюндар балдардын жан дүйнөсүн, келечегин , айкындап берүүчү ишмердүүлүк ал аркылуу окуучулар өзүн курчап турган дүйнөнү түшүнүүсү чагылат. Ал чагылуулар реалдуу турмуштагы кыймылдарды элес-кыялы менен, чыгармачылык потенциалынын жардамында окшоштуруусунан турат. Окуучулар оюн учурунда түрдүү социалдык контекстте турганда, өздөштүрүлүп жаткан лингвистикалык формаларды анализдөөнү унутушуп, чыныгы турмуштагыдай иш-аракеттерди жасашат. Ошондуктан, сабакта оюн ишмердүүлүгүн колдонуудан эринбейли.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Башталгыч класстардын программасы. Б.- Педагогика 2022. 130 б.
2. Каласалиева М. Эстетикалык тарбия беруунун системасы жана принциптери // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. 2018. 102-105-бб.
3. Турусбеков,Э. Бердибаев, К. Сартбаев Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методткасы. – Фрунзе: Мектеп, 1978. 200 б.
4. Ушинский К.Д. Собрание сочинений : Ч. 2.,- М.: АПН РСФСР, 1948. 180 б.

**Рецензент: кандидат педагогических наук, доцент Абдраева Н.Э.**